КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ
КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК
КОМПЛЕКСИН
ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА
ДЕПАРТАМЕНТ

ДЕПАРТАМЕНТ
ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ
ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО
КОМПЛЕКСА ПРИ
МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

12 январь 2024-ж. № 10 Бишкек ш.

## Бөлүштүрүүчү ишканалар үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө

«Энергетика жөнүндө», «Электр энергетикасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрындагы №192 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата электр энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына жана электр энергиясына тарифтерди колдонуу боюнча нускамага, Кыргыз Республикасын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген чарба жүргүзүүчү субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызматтарына) бааларды (тарифтерди) аныктоо тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигинин 2022-жылдын 12-сентябрындагы №01-13/146 буйругу менен бекитилген бөлүштүрүүчү ишканалар үчүн электр тармактарынын шарттуу бирдиктерин пайдаланууга, техникалык тейлөөгө жана ондоого кеткен чыгымдардын бирдиктүү салыштырма суммасын эсептөөнүн методикасына жана бөлүштүрүүчү ишканалар үчүн электр тармактарынын шарттуу бирдиктерин эсептөөнүн методикасына, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 237 «Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйруктарына ылайык, ошондой эле отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу маселелери боюнча комиссиянын 2024-жылдын 12-январындагы № 06/06 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам:**

1. Тарифтерди эсептөө үчүн колдонулуучу бөлүштүрүүчү ишканалардын 2024-жылга жыйынды техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү ушул буйруктун 1-тиркемесине ылайык бекитилсин.
2. 2024-жылдын 1-январынан тартып «Кыргызстан улуттук электр тармактары» ААК тарабынан бөлүштүрүүчү ишканаларга берилүүчү электр

энергиясы үчүн тарифтер ушул буйруктун 2-тиркемесине ылайык өлчөмдөрдө белгиленсин.

3. Электр энергиясына тарифтерди белгилөө үчүн берилген техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчилик бөлүштүрүүчү ишканалардын жетекчилерине жүктөлсүн.

4. Бөлүштүрүүчү ишканалар:

- акыркы керектөчүлөргө электр энергиясын берүүдө Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 29-декабрындагы № 237 «Акыркы керектөөчүлөр үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу менен бекитилген тарифтерди колдонсун;

- Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке ай сайын иш жүзүндөгү техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү берип турсун.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 13-майындагы № 93 «Бөлүштүрүүчү ишканалар үчүн электр энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы ушул буйрукту аткаруу үчүн «Кыргызстан улуттук электр тармактары» ААКтын, бөлүштүрүүчү ишканалардын даректерине жөнөтсүн.

7. Маалымат катчы ушул буйрукту жалпыга тааныштыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

8. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т. Э. Орозалиев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Энергетика министрлигине караштуу**
**Отун-энергетикалык комплексин**
**жөнгө салуу боюнча департаменттин**
**« 12 » январь 2024 жылдын № 10**
**буйругуна 2-тиркеме**

**Бөлүштүрүүчү ишканалар үчүн электр энергиясына тарифтер (салыктарды эсепке албаганда)**

| № | Бөлүштүрүүчү ишкананын аталышы | «КУЭТ» ААК сатуу үчүн тарифтер (тыйын/кВтс) | Тарифтердин жыйынтыгы (тыйын/кВтс) |
|---|---|---|---|
| 1 | «Биэл-электрик» ЖЧК | 298,80 | 298,80 |
| 2 | «НурАлЭнерго» ЖЧК | 206,28 | 206,28 |
| 3 | «Электросила» ЖЧК | 188,57 | 188,57 |
| 4 | «Глобал Энерджи» ЖЧК | 215,52 | 215,52 |
| 5 | «Энерготрейд» ЖЧК | 219,28 | 219,28 |
| 6 | «АКМ Энерджи» ЖЧК | 188,26 | 188,26 |
| 7 | «Энерготехсервис» ЖЧК | 148,28 | 148,28 |
| 8 | «ЭСМ-СИ» ЖЧК | 136,89 | 136,89 |
| 9 | «Димед» ЖЧК | 182,87 | 182,87 |
| 10 | «Энерго-Пром» ЖЧК | 216,82 | 216,82 |
| 11 | «ТТ ГЭС» ЖЧК | 135,76 | 135,76 |
| 12 | «ЭК групп» ЖЧК | 125,87 | 125,87 |